**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы Замирбек Курамаевич Базарбековдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечиминин түшүндүрмөсү жөнүндө

# Т О К Т О М У

2024-жылдын 23-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы М.Н. Нургазиеванын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 38-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы №02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентинин 104-пунктунун 3-пунктчасын, $105^{1}$-пунктун жетекчиликке алып, Ж. Шараповдун, С.А. Матцаковдун, Э.А. Рамазанованын, Н.Б. Байышовдун кайрылуусу боюнча Кыргыз

Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 95-беренесинин жана 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечимин түшүндүрүп берүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы З.К. Базарбековдун кайрылуусун соттук отурумда карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 22-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы З. К. Базарбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечиминин өңүтүндө “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кодексине, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, “Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, “Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу” Мыйзамы) Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарынын укук колдонуусунун айрым маселелерин түшүндүрүп берүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Кайрылуудан көрүнүп тургандай, 2024-жылдын 24-июлундагы № 147 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Жаза аткаруу жана Кылмыш-жаза кодекстерине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы (мындан ары – Мыйзам) менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) 67 жана 80-беренелери тиешелүү түрдө 4-1 жана 5-1-бөлүктөр менен толукталган.

Бул өзгөртүүлөргө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку соту Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 61-главасына ылайык чет мамлекеттин сотунун өкүмүн аткаруу менен байланышкан маселени чечүүдө өзүнүн токтомунда КЖКнын 67-беренесинин 4-бөлүгүнүн жоболорун эске албастан, чет мамлекеттин соту дайындаган түзөтүү мекемесинин режимине ылайык келген абактын түрүн аныктайт. Мындан тышкары, сот Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн жоболорун эске албастан, чет мамлекеттин сотунун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин чет мамлекеттин соту тарабынан белгиленген камакта кармоо убактысын эсепке алуу тартибин колдонот.

Кайрылуу субъектиси, Жогорку сотко абактын тибин аныктоо жана камакта кармоо убактысын эсептөө үчүн дискрециялык ыйгарым укуктар берилгенине карабастан, соттолгонду Кыргыз Республикасына өткөрүп берүү түзөтүү мекемесинин тиби жана режими чет өлкөлүк соттун талаптарына ылайык келген шартта гана мүмкүн деп эсептейт. Башкача айтканда, бул маселелер чет өлкөлүк сот тарабынан белгиленген тартипте жөнгө салынат жана ал аткарылганда гана соттолгон адам жазасын өтөө үчүн Кыргыз Республикасына жөнөтүлүшү мүмкүн.

Жогорку соттун төрагасы жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик жоболордун мазмуну Кыргыз Республикасында соттолгон адамдарга карата колдонулуучу жалпы ченемдерден айырмаланарын белгилейт.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кодексинин (мындан ары – ЖАК) 73-беренеси менен ар бир түзөтүү абактарында (жалпы, катуу, өзгөчө режимдеги) жаза өтөөнүн шарттары аныкталган. Жалпы режимдеги түзөтүү абактарында белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга биринчи жолу соттолгон адамдар жазасын өтөшөт. Ошол эле учурда чет мамлекеттин мыйзамдарында жаза өтөө шарттары, ошондой эле камакта кармоонун мөөнөтүн эсептөө эрежелери кыйла катаал.

Башкача айтканда, эгерде чет мамлекеттин соту соттолгон адам жазасын катуу же өзгөчө режимдеги абакта өтөшү керек деп чечсе, экстрадицияланган адам, ал биринчи жолу соттолгондугуна же андай эместигине карабастан, жазасын ошол эле режимдеги абакта жана Кыргыз Республикасында өтөйт.

Ушундай эле, Жогорку сот өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоонун бир күнүн эркиндигинен ажыратуунун эки күнүнө барабар деп эсептөө эрежеси боюнча камакта кароо мөөнөтүнүн эсебин белгилеген КЖКнын 80-беренесинин 5-бөлүгүн чет мамлекетте соттолгон Кыргыз Республикасынын жаранына карата колдоно албайт.

Ошентип, Жогорку соттун төрагасы иштин мындай абалында чет мамлекеттин мыйзамдарынын улуттук мыйзамдардан артыкчылыгы тааныларын, бул Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдарына түп-тамырынан карама-каршы келерин белгилейт.

Ошол эле учурда, катта көрсөтүлгөндөй, азыркы мезгилде Башкы прокуратуранын өтүнүчүнүн негизинде Жогорку соттун кароосуна чет мамлекеттин сотторунун өкүмдөрүн аткаруу боюнча ондогон кайрылуулар келип түшүүдө. Аларды изилдөөдө Жогорку сотто КЖКнын 67-беренесинин 4-1-бөлүгүнүн жана 80-беренесинин 5-1-бөлүгүнүн колдонулушу чет мамлекетте соттолгон адамдардын абалын начарлатпайбы жана аларды Кыргыз Республикасында соттолгон жарандар менен бирдей эмес абалга койбойбу деген күмөндүүлүктү жаратат.

Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдары Конституцияга, жалпы таанылган эл аралык принциптерге жана ченемдерге, ошондой эле улуттук мыйзамдарга ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизденет.

Өкмөттүн 2001-жылдын 17-январындагы № 9 токтому менен Эркинен ажыратууга соттолгондорду андан ары жаза өтөө үчүн өткөрүп берүү жөнүндө конвенция бекитилген жана Кыргыз Республикасы анын катышуучусу болуп калды. Бул документке ылайык жазаны өтөө үчүн өткөрүлүп берилген адамдар аткаруу мамлекетинде ушундай эле жосун үчүн соттолгондор сыяктуу эле укуктук кесепеттерди тартышат, ал эми өкүмдү аткаруучу мамлекет соттолгондун абалын начарлатпастан өз мыйзамдарына ылайык жазаны өтөлүшүн улантууну камсыз кылат (12, 14-статьялар).

Мындан тышкары, Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечими менен Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгү Конституциянын 56-беренесинин 2, 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таанылган. Буга байланыштуу Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесин Чечимге ылайык келтиргенге чейин, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоонун бир күндүк мөөнөтү эркиндиктен ажыратуунун эки күнүнө чегерилүүгө жатат деп көрсөтүлгөн.

2024-жылдын 26-июлундагы № 149 Мыйзам менен жогоруда белгиленген Чечим толугу менен ишке ашырылган, башкача айтканда, Кылмыш-жаза кодексинин 80-беренесинин 5-бөлүгү тиешелүү редакцияда баяндалган.

Кайрылуунун автору Конституциянын 97-беренесинин 5-бөлүгүнө жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын ченемдерине шилтеме жасаган, аларга ылайык Конституциялык сот тарабынан мыйзамдардын же алардын жоболорунун конституциялык эмес деп белгилениши алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун жокко чыгарат, ошондой эле сот чечимдерин кошпогондо, конституциялык эмес деп таанылган мыйзамдарга же алардын жоболоруна

негизделген башка ченемдик укуктук актылардын колдонулушу жокко чыгарылат.

Конституциялык соттун актылары бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш. Аларды шайкеш келтиргенге же жокко чыгарганга чейин түздөн-түз Конституция жана Конституциялык соттун чечимдери колдонулат. Ченемдик укуктук актыны же анын бөлүгүн конституциялык эмес деп таануу жөнүндө чечимдин юридикалык күчүн ушул эле ченемдик укуктук актыны же анын ушундай эле мазмундагы бөлүгүн кайра кабыл алуу менен жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

Баяндалгандарды эске алуу менен, Жогорку соттун төрагасы З.К. Базарбеков укук колдонуу тажрыйбасында пайда болгон көйгөйлөр Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечимин түшүндүрүүнү талап кылат деп жыйынтыктайт жана 2024-жылдын 24-июлундагы № 147 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Конституциялык соттун Чечимин иш жүзүндө жокко чыгаруу болуп саналбайбы жана кылмыш-жаза мыйзамдарындагы жаңы киргизүүлөр Конституцияда бекитилген адам укуктарынын бузулушуна алып келбей тургандыгын тактоону суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын жүйөлөрүн изилдеп чыгып, Конституциялык сот төмөнкүдөй тыянактарга келет.

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентинин 104-пунктунун 3-пунктчасына жана 105-1-пунктуна ылайык, Конституциялык соттун чечими укук колдонууда пайда болгон татаалдыктарга байланыштуу соттун (судьянын) кайрылуусу боюнча Конституциялык соттун өзү тарабынан гана түшүндүрүлүшү мүмкүн. Бул, Конституциялык сот өз чечимдерин өз предметинин чегинде жана Чечимдин өзүндө каралган жана чагылдырылган, кошумча чечмелөөнү талап кылган маселелер боюнча гана түшүндүрөт. Ушул Регламенттин 10-главасына

ылайык Конституциялык соттун чечимин түшүндүрүү жөнүндө соттун (судьянын) кайрылуусун кароо жазуу жүзүндөгү жол-жобо боюнча жүзөгө ашырылат.

2. Конституциялык сот чечимди кабыл алууда мыйзам чыгаруучунун же башка ченем жаратуучу органдын позициясына да, ошондой эле аны укук колдонуучу тарабынан түшүнүүсүнө да баа берет, мында Конституциянын жоболорун чечмелөөгө негизденет. Муну менен Конституциялык сот гана бардыгы үчүн жалпыга милдеттүү мааниге ээ чечимдерди чыгарат. Ошондуктан анын актылары акыркы болуп саналат, башка органдар тарабынан кайра каралышы мүмкүн эмес же конституциялык эмес мыйзам жобосун кайра кабыл алуу жолу менен жетишүү мүмкүн эмес, ошондой эле бардык укук колдонуучуларды Конституциялык соттун укуктук позицияларына ылайык аракеттенүүгө милдеттендирет.

Конституциялык сот тарабынан мыйзамдардын же алардын жоболорунун конституциялык эмес деп белгилениши алардын Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун жокко чыгарат, ошондой эле конституциялык эмес деп таанылган мыйзамдарга же алардын жоболоруна негизделген башка ченемдик укуктук актылардын колдонулушун жокко чыгарат. Бул, өз кезегинде, мындай ченем, жалпы эреже боюнча, Конституциялык соттун чечими күчүнө кирген учурдан тартып башкача кандайдыр бир чечмеленбеши жана кандайдыр бир башка мааниде колдонулбашы керек дегенди билдирет.

Ошентип, Конституциялык соттун чечимдери Конституциянын өзү менен салыштырууга мүмкүн болгон жогорку юридикалык күчкө ээ жана убакыт боюнча да, мейкиндик боюнча да, ошондой эле адамдардын чөйрөсү боюнча колдонуу чөйрөсүнө ээ.

3. Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечиминде кароонун предмети КЖКнын 80-беренесинин 5-бөлүгү, 95-беренеси жана 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 “Кылмыш-жаза кодексин, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Укук бузуулар жөнүндө кодексин колдонууга

киргизүү жана айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамдын 5-беренесинин 2-пункту болуп саналат.

Алсак, талашылып жаткан ченемдер соттолгондорго кынтыксыз жүрүм-туруму болгон учурда анын өтөө мөөнөтү аяктаганга чейин соттуулугун алып салуу укугун берүүнү жокко чыгаруу, кылмыш-жаза мыйзамынын убакыттык колдонуу принцибин, анын ичинде 1997-жылдагы КЖК боюнча өткөөл сот адилеттиги бөлүгүндө колдонуу маселелерине тиешелүү болгон.

Конституциялык сот соттолгон адамдын кынтыксыз жүрүм-турумунда соттуулугун мөөнөтүнөн мурда алып салуу анын оңолуу жөнүндө чечим кабыл алган соттолуучунун өзүнө жараша болоорун белгилеген, ал эми сот берилген документтердин негизинде оңолуу фактысын гана ырастаган. Бул укук колдонууда айырмачылыктарга жана адилеттүүлүк жана сот алдында теңдик принциптерине карама-каршы келишине алып келген. Соттуулукту мөөнөтүнөн мурда алып салуу мүмкүнчүлүгү кепилденген укук эмес, жеңилдик катары каралып келген, ошондуктан аны жоюу конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди бузбайт.

Бирок, жогоруда аталган Чечимде белгиленгендей, убакыттын өтүшү менен артка карай колдонуу жөнүндө ченемди жокко чыгаруу укук колдонуу практикасында аныксыздыктын жана күмөндүүлүктүн келип чыгуусунун себеби болуп калды, бул сот процессинде калыстыктын алсыздашына, сот адилеттигинин негизги принциптеринин сакталбашына, ошондой эле укуктук ченемдердин туюндурмаларынын тактык жана айкындуулук талаптарынан четтөөсүнө алып келди. Ушуга байланыштуу талашылып жаткан ченем арыз берүүчүнүн конституциялык укуктарын бузуучу катары каралган, анткени Конституциянын жоболоруна негизденген юридикалык теңчилик принциби колдонуудагы укуктук системада белгилүү, так, айкын, бир мааниде жана карама-каршылыктуу эмес болушун талап кылат. Бул критерийлерди сактабоо укук колдонуудагы ыраатсыздыкка, бир мааниде эместикке, укук ченемдерин өзүм билемдик менен колдонууга же айрым адамдардын укугун таануудан баш тартууга алып келет, адам укуктары менен эркиндиктерин жокко

чыгарууга тыюуга жана аны соттук коргоого мамлекеттик коргоонун конституциялык кепилдиктерин бузат.

Мындан тышкары, ушул эле Чечим менен өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоонун бир күнүн эркиндигинен ажыратуунун бир күнүнө чегерүүнү белгилеген ченем талашылган. Бул ченемдик жобо жаңы КЖКнын күчүнө кириши менен өзгөртүлгөн болчу. 1997-жылдагы КЖКнын камакта кармоонун бир күнүн эркиндигинен ажыратуунун эки күнү катары эсептөөгө мүмкүндүк берген жобосунан айырмаланып, конституциялык контролдоо органы караган учурдагы редакция камакта кармоонун бир күнү эркиндигинен ажыратуунун бир күнүнө барабар болоорун караган.

Аталган Чечимде сот Кыргыз Республикасынын мыйзамдары кылмыш жасоого шектелгендерди жана айыпталуучуларды изоляциялоо деңгээли боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларынын эң катаал режимдери менен салыштырууга боло турган шарттарда кармоого жол берет деп белгилеген, ал жерге соттолгондор соттун күчүнө кирген өкүмү боюнча жаза өтөө үчүн жөнөтүлөт, бул бөгөт коюу чарасынын мындай максаттарына өлчөмдөш эмес.

Жеке мейкиндиктин, ачык абада өткөрүлүүчү убакыттын жетишсиздиги, жылытуусу тынгылыктуу эмес, табигый жарыктын жана желдетүүнүн жетишсиздиги алдын ала камакта кармоо жайларында кармоонун кемсинтүүчү шарттарын билдирет, кыйноолорго окшош ырайымсыз, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлоочу шарттар адамдын психологиялык жана физикалык абалын бузат.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот жазык жазасынын мөөнөтүндө камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын эсепке алуунун колдонуудагы модели соттолгондордун сотко чейинки өндүрүштүн чыгымдарын компенсациялоого мамлекет тарабынан мурда берилген укугун бузат деп белгилеген.

Бул соттолгондор үчүн жазалары талашылып жаткан мыйзам жобосу күчүнө киргенге чейин колдонулган эрежелер боюнча эсептелинген адамдарга салыштырмалуу бирдей эмес шарттарды түзгөн. Бул адамдын укугун жана

эркиндигин жокко чыгарууга же кемитүүгө конституциялык тыюу салууга, ошондой эле эч ким кыйноолорго жана башка адамгерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүнө дуушар болушу мүмкүн эмес деген принципке карама-каршы келүүсүнө алып келген.

4. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык мамлекеттик бийликтин аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдары Конституциялык соттун чечимдерин анын маанисине так ылайык кынтыксыз аткарууну камсыз кылууга милдеттүү.

Мунун негизинде, Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечими 2024-жылдын 26-июлундагы № 149 Мыйзам менен белгиленген тартипте ишке ашырылган. Ушул Мыйзам менен соттуулугун жоюу жана алып салуу жөнүндөгү 1997-жылдагы КЖКнын эрежелери жаңы КЖК күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдарга карата колдонула турган өзгөртүүлөр киргизилген, буга жазык-укуктук кесепеттерин жеңилдетүү каралган учурлар кирбейт. Ошондой эле, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоо мөөнөтү мурда 1997-жылы КЖКда каралгандай, камакта кармоонун бир күнү эркиндигинен ажыратуунун эки күнүнө барабар эсебинде эсептелет.

Ошентип, Конституциялык соттун укук колдонуу практикада аныксыздыкты жоюу жана жарандардын конституциялык укуктарын камсыз кылуу максаты мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу ишке ашты.

5. Жогорку соттун төрагасынын КЖКнын 67 жана 80-беренелеринде каралган экстрадициялоо маселелерин жаңы жөнгө салуусун колдонуу экстрадицияланган адамдардын абалынын начарлашына, Конституцияда бекитилген адам укуктарынын бузулушуна жана Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечимин иш жүзүндө жокко чыгарууга алып келбейби деген күмөн саноолору боюнча төмөнкүлөрдү белгилей кетүү керек.

Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, киргизилген түзөтүүлөр, анын ичинде КЖКнын 80-беренесинин 5-1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын жарандарынын же Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдардын жазаны андан ары өтөө үчүн (экстрадициялоо) Кыргыз Республикасына өткөрүп берүү укугун ишке ашырууну камсыздоого багытталган.

Бул ченемге ылайык, чет мамлекеттин сотунун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоо убактысын эсепке алуу тартиби КЖКнын 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн жоболорун эске албастан колдонулат. Бул, эгерде чет мамлекеттин мыйзамдары камакта кармоонун бир күнүн эркиндигинен ажыратуунун эки күнүнө чегерүүнү карабаса, анда мындай чегерип эсептөө колдонулбайт.

Каралып жаткан кайрылуунун контекстинде, КЖКнын жогоруда аталган Чечимге ылайык келтирилген 80-беренесинин 5-бөлүгү жалпы мүнөздөгү ченем болуп саналат жана тиешелүү түрдө жазаларды кошуу жана камакта кармоо убактысын эсепке алуу эрежелери мындай кырдаалда болгон бардык субъекттерге карата колдонулат.

Ал эми КЖКнын 80-беренесинин 5-1-бөлүгү чет өлкөлүк соттун өкүмүн аткаруу жөнүндө сөз болгон учурларда атайын эрежелерди карайт. Мындай регламенттөө КЖКнын 80-беренесинин 5-бөлүгүндө аныкталган жалпы эрежелерден четтейт, муну менен Кыргыз Республикасына жаза өтөө үчүн өткөрүлүп берилген адамдар үчүн камакта кармоо убактысын эсептөөнүн өзгөчө тартибин белгилейт. Бул жоболор кылмыш иштери боюнча эл аралык кызматташуунун өзгөчө учурларында колдонулат.

Ошентип, экстрадициялоо жөнүндө жаңы киргизүүлөр өзгөчө учурларды жөнгө салуучу атайын ченемдер болуп саналат жана Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечими менен камтылбайт. Башкача айтканда, бул жоболор көрсөтүлгөн Чечимдин кароо предметинин алкагынан чыгат, демек, аны жокко чыгаруу формасы катары кароого болбойт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т:**

1. Экстрадициялоо маселелерин жөнгө салган “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү (Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кодексине, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечиминин предметинин алкагынан тышкары чыгат, демек, бул Чечимди жокко чыгаруу формасы болуп саналбайт.

2. Бул Токтом, Конституциялык соттун 2023-жылдын 29-мартындагы Чечиминин түшүндүрмөсүн камтуучу катары, кол коюлган учурдан тартып анын ажырагыс бөлүгү болуп калат.

3. Токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана бардык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн милдеттүү, республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

4. Бул Токтом мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№_______